| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 19 декабры № 32/120**

**Кызыл-Кыя шаарында саламаттыкты сактоо тармагы боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине жана шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 5-декабрындагы № 16 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБнун директору Ж.Кадыровдун 2023-жылдын 01-декабрындагы № 01-18-112 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл–Кыя шаардык ЖДПБнун директору Ж.Кадыровдун маалыматы эске алынсын жана милдеттендирилсин:

   – Кыргыз Республикасынын калктын ден соолугун сактоо жана саламаттыкты сактоону өнүктүрүү багытында калкты медициналык жактан тейлөөнүн сапатын жогорулатуу жана медициналык тейлөөнүн калкка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана саламаттык сактоо мекемелеринин материалдык-техникалык базаларын чыңдоо боюнча иштерди жүргүзүү жагы;
   – акыркы мезгилде калк арасында кескин түрдө көбөйгөн гепатит ооруусунун жана башка жугуштуу оорулардын санын кыскартуу максатында, ооруларга аяр мамиле жасоону, эмканада колдонуучу медициналык аппараттардын дезинфекциялоодон өтүүсүнө өзгөчө көзөмөл жүргүзүү жагы ;
   – саламаттыкты сактоо мекемелеринде, алардын бөлүмдөрүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан акысыз берилүүчү дары-дармектердин, медикаменттердин жана медициналык материалдардын тизмелерин илип коюу жана аларды жума сайын жаңылап туруу жагы;
   – эне жана баланын өлүм көрсөткүчүн төмөндөтүү боюнча иштерди күчөтүү жагы;
   – инфекциялык (кутурма, сибирь жарасы, гепатит, туберкулез ж.б.у.с.) оорулардын алдын алуу максатында, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү активдештирүү жагы.

2. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун Кызыл-Кыя шаарындагы бөлүм башчысы А.Сатыбалдыевке жугуштуу ооруулардын алдын алуу максатында, менчигинин түрүнө карабай медициналык кызматкерлердин, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин жана тамак-аш сатуучу жайлардын кызматкерлеринин санитардык кароодон өтүп, санитардык китепчелеринин толтурулуусуна көзөмөлдү күчөтүү жагы милдеттендирилсин.

3. Эне жана баланын өмүрүнүн коопсуздугун камсыздоо максатында шаарга жаңы төрөт үйүн куруу маселесин чечүү шаар мэри А.Маткалыковго жана ЖДПБнун директору Ж.Кадыровго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**